**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин**
**Майлуу-Суу колледжинин**
**2023-2024-окуу жылы боюнча отчету**

## Окуу иштери боюнча

Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун Майлуу-Суу колледжинде жыйырма бир штаттык окутуучу жана сегиз айкалыштырып иштөөчү окутуучу эмгектенет. 2023-2024-окуу жылында эсептөө жана бөлүштүрүү сааттары бөлүнүп, окуу жылынын башынан бекитилген окуу процессинин графиги боюнча окуу-иши жүргүзүлдү жана окуу процесси төмөнкүдөй аткарылды:

| № | Окуу бөлүмү | I –ж/ж | | | II –ж/ж | | | жылдык | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | план | аткар. | % | план | аткар. | % | план | аткар. | % |
| 1. | Бюджет | 6538,5 | 6665,5 | 110,9% | 6411,3 | 6411,3 | 100% | 12949,8 | 13076,8 | 100,9 |
| 2. | Контракт | 3121,2 | 3123,5 | 100,07% | 2631,6 | 2631,6 | 100% | 5752,8 | 5755,1 | 100,03 |
| 3. | Баары | 9659,7 | 9789 | 105,4% | 9102,9 | 9102,9 | 100% | 18702,6 | 18831,9 | 100,4 |

Күндүзгү жана сырттан окуган тайпаларга тайпалык жана балддык журналдар даярдалып, ачылды. Жаңы кабыл алынган студенттер үчүн студенттик окуу баракчалар, студенттик, окурмандык билеттер жана сынак китепчелер даярдалды. 2023-2024-окуу жылында студенттердин күндөлүк сабакка катышуусу-78,6 % түздү.

Бекитилген биринчи жана экинчи окуу жылынын жадыбалы боюнча окутуучулардын үзгүлтүксүз сабак өтүүсүн көзөмөлдөнүп жана жадыбалга керектүү өзгөртүүлөр өз убагында коюлуп жатты. Майлуу-Суу колледждин №2НК статистикалык отчету даярдалып шаардык жана областтык статистика бөлүмүнө тапшырылды.

2023-2024-окуу жылынын февраль айында "Маалыматтарды иштеп чыгуунун автомтташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)" адистиги, "Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча)" жана "Башталгыч класстарда окутуу" адистиктери аккредитациядан ийгиликтүү өткөрүлдү.

Колледжде жалпысынан-582 студент, анын ичинен-167 студент бюджеттик негизде билим алышат, 418 студент контракттык негизде окушат. 2023-2024-окуу жылында: Э-1-21 тайпасында – 16, Э-2-21 тайпасында-2, Эс-1-20 тайпасынан – 7; БАС-1-21 тайпасында - 22, БАС – 2 – 22 тайпасында – 12, БАСс-1-20 тайпасында – 9; БКМ-1-21 тайпасында – 16, БКМ-2-21 тайпасында – 10, БКМс-1-20 тайпасында – 10; жана РНГ – 1-21 тайпасында - 14 бүтүрүүчү сабактар аралык мамлекеттик аттестацияны ийгиликтүү тапшырды. Жалпысынан - 118 бүтүрүүчү колледжди аяктады. Артыкчылык диплом менен БАС-1-21 тайпасынан -3 бүтүрүүчү, БКМ-1-21 тайпасынан-4 бүтүрүүчү ээ болду.

## Окуу- усулдук жана илимий- усулдук иштери боюнча

**I .** Окуу- усулдук иштер: 10 окуу- усулдук Кеңешме жана 3 семинар өткөрүлүп, мыйзамдуу стандарттардын негизинде Майлуу- Суу колледжи үчүн 7 жобо, 1 инструкция түзүлдү. Кеңешмелерде каралган маселелердин орчундуулары:

**1.** КРсынын Конституциясындагы ББ жана илим мыйзамына жана ББ жана илим мыйзамынын стандарттуу талаптарына таянган окуу, тарбия темаларындагы иш чаралар болду.

**2.** 24 окутуучу Бишкек, Ош жана Жалал- Абад шаарларында билимдерин жогорулатышты. Билимдерин жогорулаткан окутуучулардын сертификаттары, алып келген материалдары бар.

**3.** АӨБдүн "Жумуш орундарында окутуу" жана "Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү" программаларына байланыштуу 3 семинар слайддары менен өткөрүлдү. Аталган темаларда билимдери менен бөлүшкөн окутуучулардын очеттору усулканага тапшырылып, усулчунун жардамы менен семинарлар, конференциялар жана тегерек столдор уюштурулуп, айрымдары колледждин сайттарына салынды. Жаш окутуучуларга жардамдары тийүүдө.

**4.** Сабактарга катышуу боюнча: усулчу 34 сабакка катышты. Окутуучулардын ич ара сабактарга катышуулары солгун. Сабактарды усулдук тажрыйба алмашуу, ыкмаларды үйрөнүү жана студенттердин сабактарга кызыгууларын активдештирүү, кайтарым байланыштарын: ой жүгүртүп, жыйынтык чыгара билүү жөндөмдөрүн өстүрүү максаттарында талкуулайбыз. Пикирлер ортого салынат. Ачык сабактардын иштелмелери жазылат.

**5.** Окуу- усулдук эмгектер.

Окутуучулардын жеке иш пландарын толтуруу боюнча усулдук кеңештер айтылат. Жумушчу программалар, силлабустар, окуу- усулдук комплекстер, сабактардын иштелмелери талап кылынат, текшерилет, жеке иш пландарындагы жазылгандарга салыштырылат, жыйынтыктарын жылдык отчетторунда чамаларына жараша көрсөтүшөт.

**6.** "Жылдын мыкты окутуучусу- 2024" кароо-сынагына Энезарова Саанабү Токтоналиевна катышты.

**II.** Илимий- усулдук иштер боюнча маалыматтар.

**1.** Окуу жылы ичинде 5 конференция өткөрүлдү. Баарынын кеңири программалары, сценарийлери, уюштуруучулар, катышкан аткаруучуларынын маалыматтары бар. -Мамлекеттик тилдин 34 жылдыгына арналган "Кыргыз тили- мамлекеттик тил- улуттук маданияттын очогу"- аттуу конференцияны 2023- жылдын 21- сентябрында уюштуруп, өткөрдүк. Ал "Тил – улуттун байлыгы" аттуу баяндама менен башталып, студенттердин кыргыз ырларын, бийлерин, сахналаштырылган "Бешик тойду" шаардын жамаатына, ак элечек энелерге жана атайын чакырылган конокторго көрсөттүк. Жыйынтыгында 23-сентябрда ЖАМУнун Түмөнбай Байзаковго арналган конференцияга 2 окутуучу, 2 студент 4 баяндама менен катышып келдик. Биздин гана колледж барган экен. Кийин маалымат каттары келбей калды.

2023-жылдын 30-октябрында репрессияга байланыштуу "Тарыхта калган кара так"- аталышындагы конференция жаш окутуучулардын жана студенттердин жардамы менен өткөрүлдү. "Жаман болбой жакшы жок" – деген макалды ойлосок: "Ата-бабаларды эскерүү күнү" тарых барактарынан көп чындыкты билдик!

Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинде Сталиндин эмгеги чоң. Адам болуу татаал! - "Өрнөктүү мамлекеттик ишмерлер"- деген конференцияда "Өрнөктүү адамдардын өмүрлөрү үлгү!", "Масалиев Апсамат – Кыргыз элинин чыгаан уулу", "Насирдин Исанов- куруучу, министр, өкмөт башчы!" – сыяктуу баяндамалар даярдалып, уктурулуп, колледждин жалпы жамаатына маалыматтар берилди. Ушул эле конференцияда Чернобыль окуясынын 38 жылдыгына арналган баяндамалар дагы болуп, студенттерибиз активдүү катышышты. Бул окуянын өтө зыяндуулугунан Припять шаарынын жашоосу токтогон, адамдар ууланган.

-"Жашыл экономикага"- байланыштуу 2 конференция өзгөчө даярдыктар жана көрсөтмөлүүлүк менен эсте каларлык мамилелерди көрсөтүп өткөрүлдү. Негизи: "Туруктуу өнүгүүнүн 2030-жылга чейинки максаттары" кабыл алынган. Ал БУУнун деңгээлинде бекитилген жана аны бул уюмга кирген бардык мамлекеттер колдоп жатышат.

**2.** Олимпиаданын 1-2-турлары колледжде өткөрүлүп, 3- турга Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Жалал-Абад колледжи өткөрдү. Майлуу-Суу колледжинен 4 предметтен 4

окутуучу комиссиянын курамында болушту. 6 предметтен 2 студент 3-орун, 4 студент 2-орундарды ээлешти.

**Маданий-массалык иштер боюнча**

2023-2024-окуу жылынын 1-сентябрь жаңы окуу жылын баштап, окутуучулар, студенттер менен биргеликте билим күнүнө карата салтанаттуу линейка өткөрүлдү. Ар бир тайпанын куратору менен тааныштырылып, куратордук сааттар өтүлдү.

2023-2024-окуу жылына иш пландары түзүлдү. Ошондой эле кураторлор да пландары түзүлүп бекитилди. Жаштар уюмунун жаны мүчөлөрү түзүлдү. Жатаканага студенттер жайгаштырылып, жатакананын ички тартиби менен тааныштырып, тарбия иштери жүргүзүлдү.

18-сентябрь Баткен согушунда катышкан жоокерлерди эскерүү күнүнө карата куратордук саатар өтүлдү.

"23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө" карата "Кыргыз тилим - эне тилим" аттуу кыргыз тили жумалыгы өткөрүлдү. Дубал гезиттер чыгарылып, буклеттер даярдалып көргөзмө уюштурулду. Кыргыз тили жана адабият сабактарында жат жазуу, эссе, дилбаяндар жаздырылып "Манас" эпосунан үзүндүлөр айтылып, жанылмач, макал-лакап, табышмактар айтылды жана кыз-жигиттердин айтыштары болду. Ошондой эле тайпаларда кураторлор Мамекеттик тил боюнча куратордук саттарды өтүшүп, докладдар окуду. Бул кыргыз тил жумалыгына жооптуулар Абдуразакова Бахринисо жана Тойчубекова Гулсада.

1-7-октябрь "Улгайган адамдарга көнүл буруу жана камкордук" атуу акциясынын негизинде Майлуу-Суу колледжине бекитилип берилген улгайган адамдарга материалдык жана моралдык жардам көрсөтүлдү.

5-октябрь "Мугалимдер күнү" майрамы уюштурулуп өткөрүлдү.

16-октябрында кичи футбол боюнча тайпалар аралык таймаш болуп өттү.

17-октябрь Бүтүрүүчүлөрдүн иш берүүчүлөр менен жолугушуусу. Вакансиялар жарманкеси болуп өттү, жооптуу А.М.Урустамова.

17-ноябрь Жаштар күнү жана Студенттер күнүнө карата иш-чаралар уюштурулду.

27-ноябрь күнү Майлуу-Суу колледжинин студенттерине Майлуу-Суу шаарынын имамы Абсатар Эркинбаев ажы адеп-ахлак жөнүндө сабак өттү.

1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД күнүнө карата Маданият үйүнүн астында болуп өткөн иш-чарага студенттерибиз менен активдүү катышып келди. Жооптуулар кураторло жана Г.К.Хужаматова.

5-декабрь "Алп жазуучуну дүйнө эли окушат" Чынгыз Айтматовдун 95-ж. конференция залында болуп өттү. Жооптуулар Тойчубекова Г., Турдалиева А.

8-декабрь күнү Маланият үйүндө өткөрүлгөн Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш-чарага студенттерибиз катышып жана БАС-1-23 тайнасы "Биринчи муталим" чыгармасын сахнада көрсөтүп беришти.

12-декабрь күнү маданият үйүндө Укук коргоо органдары уюштурган Зордук-зомбулукка каршы иш-чарага 50дөй студенттер менен активдүү катышып видео тасмаларды көрүп студенттер таасирленип келди.

18-декабрь күнү эрте никеге туруу эмнеге алым келери жөнүндө актовый залында кыздар кеңеши менен балдардын кеңеши өткөрүлдү жооптуулар Г.К.Хужаматова. Алимова П.

23-декабрь Ата-энелер чогулушу концеренция залда болуп, өттү.

27-декебрь Жаш балдардын балатысы уюштурулуп өткөрүлдү жана ошол эле күнү студенттердин жаны-жылдык кечеси болуп өттү.

29-декабрь «Күнөсканада карагайларды, декоративдүү дарактарды, декоративдүү гүлдөрдү, мөмө-жемиштерди жана башка көчөттөрдү өстүрүү» стартап долбооруна катышып 1-курсунун студенттери акчалай грант менен байгеге ээ болушту.

29-декабрь Майданият үйүндө өткөрүлгөн шаардык жаңы-жылдык майрамга БКМ-1-23 тайпасынын кыздары флешмобто бийлеп беришити.

6-февраль АРТ-инсталяциянын ачылышына студенттер менен күбө болуп кайтык.

15-февраль Ооган согушунун 35-жылдыгына студенттер менен барып гул чамбар коюлду.

20-февраль күнү Эне-тил күнүнө карата маданият үйүндө өткөн иш-чарага БАС-1-22 тайпасынын кыздары Испан бийин билеп беришти.

21-февраль Эне-тил күнүнө карата актовый залда конференция болуп өттү

22-февраль күнү студенттер менен маданият үйүндө 23-февраль мекенди коргоо күнүнө карата концерттик программага катышып БАС-1-22 тайпасынын кыздары өзбек бийин билеп беришти.

5-март Ак калпак күнүнө коллеждин агапийлары жана студенттери ак калпак кийип келишти.

6-март күнү маданият үйүндө 8-март Эл аралык аялдар күнүнө карата болуп өткөн иш чарага студенттер менен окутуучулар барып катышты.

7-март «Кана эмесе кыздар» аттуу кароо сынак болуп өттү.

18-март ШИИБдин өкүлдөрү менен экстримизм жана терроризм боюнча жолугушуу студенттер менен болуп өттү.

20-март колледждин студенттери жана окутуучулары экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында ишембиликке чыгышып, тазалоо иштерин жүргүзүштү жана бак-дарактарды отургузушту.

25-март күнү студенттер менен Майлуу-Суу шаардык Социалдык фондунун башчысынын орун басары-бөлүм башчысы Абдыкапаров Нурлан Жолчумаматович менен жолугушуу болуп өттү.

2-апрелиндеги №20-2789 тапшырмасынын негизинде, КРнын Билим берүү жана илим министрлиги «Улуттук тазалык күнү» уюштурулду.

2010-жылдын 7-апрель Элдик революция күнү эскерүү митинги 2024-жылдын 5-апрель күнү саат 11:00дө «Эрдик» скверинде М.Ө.Бостонбаевдин эстелигине Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун МСКнын администрациясы жана студенттери менен биргеликте гулчамбар коюшту жана РНГ-1-23 тайпасынын студенти шаардык кросско катышып 1-орунду ээледи.

КРнын Президентинин Жарлыгынын алкагында, «Жашыл мурас», «Табиятты сактайлы», «Бир окуучу-бир көчөт» жана «Улуттук тазалык күнүнө» карата Майлуу-Суу колледжинде 6-апрель күнү колледждин территориясындагы жана шаардык бак-дарактар акталып, көчөттөр отургузулуп жана ишембиликте тазалоо жумуштары аткарылды.

15-апрель күнү “Өрнөктүү мамлекеттик ишмерлер” Абсамат Масалиевдин 90-жылдыгы жана Насирдин Исановдун 80-жылдыгына карата конференция болуп өттү. Жооптуулар А.Турдалиева,Б.Абдыразакова.

16-апрель «Чернобыль апаатына 38-жыл», «Адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү» атындагы жолугушу кечеси болуп өттү.

17-апрель “Бекем үй-бүлөө-коомдун саламаттыгы” спорттук мелдеш өттү БКМ-1-23 тайпасынын арасында.

20-апрель«Улуттук тазалык күнүн» уюштуру боюнча Майлуу-Суу колледжинин жамааты жана студенттери ишембилике катышты.

23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата маданият үйүнүн астында болуп өткөн салтанатуу майрамга катышып келдик.

26-апрель КРнын Билим берүү жана илим министрлиги, “Табиятты сактайлы” иш чараларынын комплексин өткөрүү жөнүндө буйрукту жана иш-аракеттер планын аткаруу максатында Майлуу-Суу колледжинде «Жашыл экономика» конференциясы өткөрүлдү.
Тема: Жашыл экономика – жашыл келечек!

29-апрелинде «Жашыл келечек» конференциясы өткөрүлдү.

9-май Улуу Ата Мекендик согушуна 83-жылдыгына администрация тарабынан жеңиш скверине гул чамбар койулду.

биргеликте практика өткүрүлгөн практиканттарга мүнөздөмө беришип, жыйынтыкташты.

2023-2024-окуу жылдын биринчи жыл ичи практика отууго 450 студент жөнөтүлүп, алардан 444 практика өттү, 6 студент – 0,88 % ар түрдүү себептер менен отчет тапшырганы келбей калды. Тайпалар арасында жетишкендиги – 99 %, сапаты – 92,1 % түздү. Практика отчетун тапшырбай калган студент боюнча администация тарабынан чара колдонууда.

Ар бир адистик боюнча практика башчысы Урустамова А.М, практика жетекчилери Г.М. Усувалиева, Байгозу у С, Абдиев А.Т, Ы.Ы.Кадыралиев жана жаңы практика жетикчилер менен биргеликте азыркы талаптарга ылайык программаларды түзүп, өзгөртүүлөрдү киргизип директорго бекиттирди. Практика жетекчилери Садыкова А.В. Турдалиева А.Ч, Оморалиева Б.У, Сарбагышева К.К, Кулуева М.А практикага биринчи жолу жетекчи болгондуктан аларды өзүнчө көзөмөлго алынып, практика откөрүү, программа тузүү боюнча түшүндүрмөлөр берилди. 2023-жылдын 15-ноябрында семинар өткөрүлдү. Ошондой эле практика жетекчилерине көнул бурулуп, усулдук жардам жана практика өткөрүү боюнча түшүндүрмөлөр берилди. Практика башчысы, практика жетекчилери менен биргеликте бир нече жолу райондорго жана Майлуу-Суу шаарынан сыртка кеткен практиканттарды тайпалык телефон чалуулар, видеочалуулар менен сүйлошүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. Шаардагы практиканттарды ишемби күндөрү топтоп практикантар жана практика жетекчилер менен биргеликте жолугушууларды өткөрүштү жана ар бирин текшерип, маалымат берип турушту, отчет жазуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.

Практика журналдары, ведомостор практика жетекчилери тарабынан убагында толтурулду, студенттердин практика боюнча отчеттору акт аркылуу архивке тапшырылып жатат.

Бүтүрүчүлөр боюнча практика жетекчиси тарабынан жумушка орношуу боюнча анализ жүргүзүлдү, пайыздары чыгарылып жыйынтыгы директорго тапшырылып турат. Бюджеттин негизинде БКМ - педагогика адистигинде окуп бүткөн бүтүрүүчүлөр боюнча жумушка орношуу иштери уланууда.

Университетибиздин берилген тапшырмалары боюнча бардык жумуштар графиктин негизинде жүргүзүлүп жатат.

Практика жетекчилери өз убагында практиканттар менен өндүрүштө (практика базасында) жолугушуп, план-график боюнча лекция жана башка иш чараларды өткөрүп турушту.

Экинчи курстун бардык адистиктер боюнча студенттерин "МС ЛЗ" ААК, ААК "Кыргызталеком" филиалы, МС ПТС филиал, Майлуу-Суу РЭТине жана 110/35/6 "Юг" чордонуна экскурсиялар уюштурулуп, 2-3 курстун студенттери барып келишти.

2023-жылдын октябрь айында, 2024-жылдын 14-июнунда МСКада иш берүүчүлөр жана эмгекти, социалдык коргоо жана миграция мекемеси менен биргеликте бош орундар жарманкеси (ярмарка вакансий), мекеме – ишканалардын жетекчилери менен жолугушуулар откөрүлүп, протоколдор түзүлдү, фейсбука жана одноклассникe эмгекти коргоо жана миграции башкармалыгынын адиси Маматкулова М.М. тарабынан жүктөлдү. Ошондой эле практика кезинде студенттер менен өндүрүштүн жетекчилери, устаттары жана башка адистери менен жолугушуулар өткөрүлдү, мейман лекциялар окулду, жаңы технологиялар менен таанышуу экскурсиялары, өз алдынча иштөө болду. План-графиктин негизинде окуу жайдан бөлүнгөн жетекчилер лекцияларды адистиги боюнча өтүштү, студенттер менен сүйлөштү. Өндүрүштөн дайындалган жетекчилер

менен биргеликте дайыма колледжден дайындалган практика жетекчи конкурстарды, лекцияларды ар түрдүү адистигине жараша темаларда өтүштү.

**Административдик-каржылык чарба иштери боюнча**

2023-2024-окуу жылына административдик-каржылык чарба иштери бекитилген иш-плананын негизинде аткарылды. Негизги жумуш окуу корпустарын жана жатакананы жаңы окуу жылына даярдоо боюнча бардык жумуштар аткарылып жатат. Күнүмдүк чарба иштери өз убагында аткарылып жатты.

Телефон байланыш жана интернет менен камсыздоо кызматын "Кыргызтелеком" ААКнун ишканасы, катуу таштандыларды чыгаруу боюнча "Шаарды жашылдандыруу жана куруу" ишканасы, электр энергиясы менен камсыздоо боюнча РЭТ ишканасы, муздак сууну камсыздоо жана канализация жумуштары боюнча "Шаардык суу чарба" ишканасы жана шаардык жылуулук берүү ишканалыры менен келишимдер түзүлгөн.

Колледжге керектүү окуу-канцелярдык буюмдар, чарбалык иштерге колдонуучу шаймандар, жууп-тазалоочу куралдар, окуу кабинеттерге жана коридорлорго косметикалык оңдоо-түзөө жасоо иштерине билдирменин негизинде мамлекеттик сатып алуу порталына коюлуп, бардык аталган буюмдар камсыз болду.

Горняцкая көчөсүндөгү стандионубуздун жыгач үйүнүн фасадынын учурдагы оңдоо иштери жүргүзүлдү жана аймагы кайрадан короолонду. Башкы окуу корпусунун фаесине студенттер үчүн эки даана жумшак эмеректер алынды жана студенттик ашканага тамак ичүүчү столдор менен стулдар жаңыланды. Кызматтык автоунаа туруучу бастырма салынды.

КР ББИМ Азия Өнүктүрүү Банкынын "Сектордун өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр" долбоорунун алкагында №4-окуу корпусун капиталдык оңдоо-түзөө жумуштарына-12 млн. 593 миң 438 сом сарпталды жана 3 млн.15 миң 107 сомдук компьютердик жабдуулар менен, 1 млн.376 миң 284 сомдук окуу эмеректери менен, 28 миң 332 АКШ долларлык "Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча)" адистигине окуу шаймандары менен колледж камсыз болду.

Колледжде орточо айлык-26600 сомду түздү, ал эми кенже кызматкерлерди кошкондо-20500 сомду түзөт.

2024-жылдын бюджеттик чыгымдардын сметасы-9113800 сом, атайын эсептен чыгымдардын сметасы-5797200 сом.

2024-жылдын 1-июлуна колледжге кызмат көрсөткөн мекеме-ишканалардан жана башка уюмдардан каржылык карызыбыз жок.

Директор С.С.Осунбеков